## ТАЛЫКПАГАН ТАРЫХЧЫ: АБЛАБЕК АСАНКАНОВ

Мугалим мөмөлүү дарак деп элибизде айтылып жүрөт. Совет мезгилинде педагогдорго жогорку денгээлде камкордук көрүлүп, миндеген окуучуларга билим берип аларга өзү окуткан сабактарды (предметтерди)келечекте тандоосуна багыттачу.Мен 1966-жылы педпрактиканы шаардагы №1 мектеп-интернаттан өткөм, насаатчы мугалим тарыхчы Рыскулова деген эже жетектеген. Эже тарых сабагын окуучуларга эң жогорку денгээлде өтүп, практиканттардан дагы талапты өтө катуу койчу, өзү дагы өңү келишкен, табиятынан мугалимдикке жаралгандай көрүнчү. Интернатта ата-энеси жок, коп балалуу, малчылардын балдары окучу, ошол мезгилге арналган Кыргызстанда белгилүү режиссер Төлөмүш Океевдин «Бакайдын жайыты» деген фильмде баяндалат.Мектепте окуучулар үчүн баардык шарттар түзүлүп, мык ты өз кесибин сүйгөн мугалимдер сабак берген. Бир жолу Аблабек менен сүйлөшүп отуруп, сенин тарыхка кызыгып, келечекте ушул кесипти тандооңо эже себеп болсо керек десем, туура айтасыз деген. Аблабек алгачкы билимин Жумгал районундагы Жаны-Арык мектебинде, кийин аталган №1 мектеп-интернатында уланткан. Мектепте жакшы окуу менен бирге коомдук иштерге катышып, эмгеги менен чоң ийгиликтерге жетишти. 1972-1977 жылдары Улуттук университетинин тарых факультетинде окуп, кыргыздын залкар окумуштуу-педагогдорунан билим алып, айрыкча этнография сабагына кызыгып алдына чоң максаттарды койду. Этнографиядан кыргыздын билимдүү, эмгектери, китептери СССРде гана эмес, чет мамлекеттерде белгилүү болгон Какен Мамбеталиева деген эже сабак берчү. Какен эже 1965-жылдары жайкысын Кадамжай районуна бизди практикага алып барып, ал мезгилде Охна деген айылга алып барып мамлекеттик ишмер Абдыкадыр Орозбековдун туулган жери деп, ал киши жөнүндө кеңири маалыматтарды айтып берген.Аблабек университетти бүткөндөн кийин, 1977-1978 жылдары Нарын облусунун Жумгал районундагы Көл-Арык орто мектебинин мугалими, 1978-1979 жылы ошол райондун «Жумгал» орто мектебинин мугалими, 1979-1980 ж. Фрунзе политехникалык институтунда «КПССтин тарыхы»-кафедрасында окутуучу; 1980-1983 ж. Москвадагы СССР ИАсынын Н.Н.Миклухо-Макалай атындагы этнография жана антропология институтунун аспиранты; КМУда кафедра башчысы, факультеттин деканы, ж.б. жетекчилик кызматтарда иштеген. 2005-2006 ж.университеттин Ата-Мекен тарыхынын башчысы болгон жылдары чогу иштеп калдык.

Аблабек белгилүү тарыхчы катары китептердин автору, эми өзү чынар терек болуп тегерегине чырпыктарды өстүрүп жаш илимпоздун «Мектебин» уюштурду.Адамгерчилиги, боорукердиги менен иштеген жерлеринде кадыр баркка ээ болду. Чет мамлекеттерде Америка, Азия, Европа өлкөлөрүндөгү эл-аралык конференцияларында докладдарды жасап дүйнөгө белгилүү окумуштуу болду.

Үй-бүлөдө камкор жар, ата, небереге чоң ата, коомдо талыкпаган тарыхчы, эмгеги менен сый-урматка бөлөндү. Ашуудан берген отчёту кут болсун, сага, Бактыгул экөөңө ден-соолук, эмгегиңердин үзүрүн көргүло деп

**Момбекова** Жыргал 2025-ж. 28.01